Бекитем
Мектеп директору: Джанышбаева Ч.Т.
«29» августа 2022-ж

# «№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби» мекемесинин календардык- тематикалык план (КТП) менен иш алып баруу боюнча Жобосу

## 1.Жалпы жобо

1.1. Жобо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына ылайык жалпы билим берүүчү программанын аткарылышына бирдей талапка жооп берүүчү пландоонун мазмунун ишке ашырылышына жардам берет.

1.2. КТП окуучуларга билим берүү ишинде негизги документ катары ар бир педагог тарабынан иштелип чыгып колдонулат.

1.3. КТП окуу процессинде окуу программасынын талаптарына ылайыкталып , ар бир предметке түзүлөт.Предметтин окутулушун иретке келтирип, ишке ашып жатканын камсызлоочу өзгөчө маанилүү курал.

1.4. КТП-бул, илим берүүнүн ар бир багытында күн сайын окуучулар менен иш алып баруудагы негизги маанилүү документ.

1.5. КТП окуу жылынын башында (т.а. август айында ) усулдук бирикмелер кеңешмесинде каралып, ОББ тарабынан текшерилип , пед.кенешмеде кабыл алынат да, директор тарабынан бекитилип, кол коюлуп, мөөр басылат.

1.6.КТП боюнча жобо локалдык , нормативдик акт болуп эсептелет.

## 2.Максаты жана тапшырмасы :

2.1. Негизги билим берүү программасынын стандартына ылайык ар бир предметке түзүлүп , иш жүргүзүү үчүн колдонулат.

2.2. Педагогдордун системалуу түрдө эффективдүү иш алып баруусу үчүн түзүлөт.

2.3. КТП ар бир предметке , ар башка (класстардын иретине жараша, м: 5-класс кыргыз тили,6-класс кыргыз тили ж.б) түзүлүп , катар номери ,өтүлүүчү темалар, сааты, мөөнөтү, жазуу иштери, сааттарлын ирети, колдонулган материалдар,үй тапшырмасы өзүнчө чейректерге бөлүнүп, графаларга жазылат. Мугалим ошого жараша иш жүргүзөт.

## 3. Пландоо, иш алып баруу

3.1.Илимий принциптерге таянуу менен календардык план окуу китебинин темалары, окуу программасына дал келгидей түзүлүшү керек.

3.2. КТП бир окуу жылына түзүлөт (сентябрь —май) .

3.3. КТП окуу режимине дал келгидей түзүлөт.

3.4. КТП нын темалары менен класстык журналдын толтурулушу, күндөлүк план менен бирдей болушу керек.

3.5. КТП жок мугалим сабак өтүүгө болбойт.